**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ТАЖИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.08.17.564 Мамлекеттер аралык диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда

УДК **338.1:338.1 (575.2):336.467**

**СУПАТАЕВА ГУЛЗАТ ТАБЫЛДИЕВНА**

# НАРЫН ОБЛАСТЫНДАГЫ АГРАРДЫК ТАРМАКТЫН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫН РОЛУ

08.00.05-Экономика жана эл чарбасын башкаруу

**Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Жалал-Абад- 2018

Диссертациялык иш С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин “Бухгалтердик эсеп жана экономика”кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчиси**: экономика илимдеринин доктору, профессор

**Омуралиева Дамира Кемеловна**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор

**Зулпукаров Аманкул Зулпукарович**

экономика илимдеринин доктору, доцент

**Исаков Нургазы Жолболдуевич**

экономика илимдеринин кандидаты, доцент

***Жетектөөчү* мекеме:** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Экономика факультетинин “Экономика” кафедрасы

Диссертациялык иш 2018-жылдын 28-декабрында саат 14-00дө К.Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин, Ош мамлекеттик университетинн жана Тажик улуттук университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча өтө турган К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кенешинде К.Ш. Токтомаматов атындагы илим изилдөө, иштеп чыгуу жана инновация борборунда корголот. Дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Женижок көчөсү, 30.

Диссертация менен К.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: Жалал-Абад шаары, Женижок көчөсү, 30.

Автореферат 2018-жылдын “___” – ноябрында таркатылды.

**К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин доктору Маткеримова А.М.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө ишинин темасынын актуалдуулугу**.

Агрардык секторду башкарууда ар бир региондун өзгөчөлүктөрү жана спецификасы бар, анткени айыл чарбасынын иштөөсүндө, жер ресурстарынын табияттык-климаттык шарттары, айыл чарбасын жүргүзүү ыкмалары, ошондой эле айыл жергесинин жошоочуларынын салттары, көндүм адаттары жана жашоо нугу бир өңчөй калыптанган.

Мындан тышкары, агрардык чөйрө сезондук мүнөзгө ээ болгондуктан, тиешелүү технологиялык жана биологиялык процесстерин, экономиканын башка тармактарындай өзгөртүүгө болбойт. Кыргыз Республикасынын жети областында айыл чарба ишмердүүлүгүн жүргүзүү шарттары да бири- биринен айырмаланып, тарыхый түптөлүп калган.

Кыргызстан Евразиялык экономикалык биримдикке мүчө болгондон бери, экономиканын ар бир тармагында өзгөрүүлөр болду, өзгөчө агрардык секторго чоң таасирин тийгизди. Бүгүнкү күндө калктын 66,2% ы айыл жергесинде жашап анын ичинен 34%ы эмгекке жарамдуу жарандар түзгөндүгүнө байланыштуу, айыл чарба тармагы, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу менен бирге, жакырчылыкты жана жумушсуздукту жоюуда негизги ролду ойнойт.

2017- жылга карата Кыргызстандын айыл чарбасынын ички дүң продуктусунун үлүшү 12,5%ды түзгөн болсо, бул көрсөткүч 2013-жылы 14,6 %ды түзгөн. ИДПнын структурасындагы айыл чарбасынын үлүшү азайып кетиши биринчиден, жерлердин деградацияга учурашы, экинчиден, техниканын эскириши, үчүнчүдөн, финансылык каражаттардын жетишсиздиги.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жээнбековдун 2018 жылды “Региондорду өнүктүрүү жылы” деп жарыяланган жарлыгы менен регионго инвестицияларды тартуу өзгөчө көңүл бурулат. Бирок, жасалып жаткан чараларга карабастан, айыл чарба техникаларын лизинг менен алуусу чектелүү бойдон калууда. Алсак, айыл чарбасынын негизги капиталына инвестициянын көлөмү 2013-жылдагы 1,3%дан 2017-жылы 0,6%га чейин кыскарды.

Ошондуктан, рынок экономикасынын шартына ылайык, агрардык экономиканы тезинен турукташтыруу жана майнаптуу рынок системасын түзүү үчүн Кыргызстанга чет өлкөлүк жана ички инвестициялар талап кылынат, бул максатта айыл чарбасына инвестицияларды тартуу жолдорун табуу, ошондой эле өндүрүштү үзгүлтүксүз жана деректүү инвестициялык камсыздоо механизмдерин издөө, региондун айыл чарба ишканаларынын инвестициялык ишмердүүлүгүн активдештирүүчү ички булактарды жана айыл чарба тармагына таасир тийгизүүчү факторлорду аныктоо маселелери иштин актуалдуулгун аныктады.

**Диссертациянын темасынын мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш төмөнкү программалык документтердин алкагында: «Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясы», «Нарын областынын өнүгүү программасына», ошондой эле С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштеринин планына ылайык аткарылган.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты Кыргызстандын жана Нарын областынын айыл чарбасындагы инвестициялык ишмердүүлүктү баалоо, анын инвестициялык потенциалын жогорулатуу жана активдештирүү үчүн шарттарды түзүү боюнча илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу жана негиздөө болуп саналат. Коюлган максатка ылайык диссертацияда төмөнкү негизги милдеттер аныкталды жана чечилди:

- «инвестициялар» экономикалык категориясынын маңызы менен мазмунун жана агрардык тармактагы инвестициялык процесстердин өзгөчөлүктөрүн теориялык аспектте изилдөө;
- агрардык сектордогу инвестициялык долбоорлорду каржылоонун булактарын аныктоо;
- Нарын областынын экономикасынын агрардык секторундагы инвестициялык процесстердин өнүгүү абалын талдоо жана тенденцияларын айкындоо, ошондой эле инвестициялык ишмердүүлүгүн чектөөчү факторлорду аныктоо;
- региондун айыл чарбасына инвестицияларды тартуунун механизмдерин формаларын жана багыттарын жакшыртуунун жолдорун сунуштоо;
- региондогу мал чарбачылыгын өнүктүрүү багытындагы инвестициялык жагымдуулукту керектөөнүн багыттарын аныктоо;
- аймактык айыл чарба тармагына инвестиция тартуудагы жагымдуулукту өркүндөтүү аркылуу инвестициялык булактарды кеңейтүүнү сунуштоо:

**Дисертациянын изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

- агрардык сектордогу инвестициялык процесстердин теориялык жактан изилденди;
- агрардык сектордогу инвестициялык долбоорлордун каржылоонун булактарын негизделди;
- агрардык секторго инвестицияны тартуунун методологиялык ыкмаларына кошумча тактоолор киргизилди;
- Нарын областынын айыл чарба тармагындагы инвестициялык процесстеринин учурдагы абалын аныктоо аркылуу, инвестициялоону жакшыртуунун резервдери аныкталды;
- айыл чарба тармагына инвестицияларды тартуунун механизмдерин, формаларын жана шарттарын жакшыртуу жолдору сунушталды;
- региондук инвестициялык саясатты өркүндөтүүнүн Нарын областынын агрардык тармагындагы инвестициялык активдүүлүктү жогорулатууга түрткү болуучу негизги багыттары менен жолдору аныкталды;

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалулугу.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары сунуштар катары колдонулду жана

региондордо, жеке алсак, Нарын областында жергиликтүү мамлекеттик органдардын күч-аракеттерин айыл чарбасын башкаруу жаатында аныкталган көйгөйлөрдү чечүүгө багыттоого жол берет. Стратегияларды ишке ашыруу жаатында финансылык –экономикалык механизмди камтыган “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тажрыйбасында өнүктүрүү стратегиясын колдонууга киргизүү” боюнча иштелип чыккан окуу-методикалык колдонмо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу курстарында колдонулат. Изилдөөнүн айрым теориялык жана тажрыйбалык жоболору С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде “Инвестициялык каржылоону уюштуруу”, “Бизнести пландоо” дисциплиналарын окутууда жана ошондой эле Нарын областынын агрардык сеторунда колдонулат.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык иштин материалдарын региондук органдардын, ошондой эле агрардык секторго инвестицияларды тартуу маселелеринин үстүндө иштеген тиешелүү министрликтердин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн колдоно алат. Диссертациялык изилдөөнүн негизги теориялык жоболору, тыянактары жана сунуш көрсөтмөлөрү Нарын областындагы айыл чарба өндүрүшүнө жана мал чарбачылыгына инвестицияларды тартуу боюнча натыйжалуу жолдорду камтыган инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгууга негиз боло алат. Айыл чарба тармагынын инвестициялык потенциалын жогорулатуу, ошондой эле чет өлкөлүк инвестицияларды тартууга мүмукүнчүлүк ачат.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор төмөнкүлөр:**

- Нарын областынын экономикалык өнүгүү келечектерин иштеп чыгууда кабыл алынуучу башкаруучулук чечимдерди негиздөө үчүн инвестициялык саясатты түптөөнүн теориялык негиздерин жалпылаштыруу;
- Нарын областынын экономикасынын агрардык тармагындагы инвестициялык потенциалды негиздөө;
- Нарын областынын экономикасынын агрардык тармагынын өнүгүүсүнүн көйгөйлүү аспекттерин айкындоо;
- мамлекеттик органдарга, ишкер чөйрөлөргө жана керектөөчүлөргө экономиканы сарамжалдуу башкаруу боюнча жана Нарын областынын экономикасынын агрардык секторунун майнаптуулугуна таасир этүүчү чараларды кабыл алууга жол берүүчү Нарын областынын агрардык секторуна инвестицияларды тартуу боюнча сунуштар;
- жалпы өлкөнүн жана анын региондорунун экономикасы боюнча инвестициялык саясатты ишке ашыруу механизмин иштеп чыгуу, анын майнаптуулугу менен өзүн актап чыгуусун негиздөө.

**Автордун жекече салымы.** Автор айыл чарбасына инвестицияларды тартуунун теориялык жана практикалык жолдорун жалпылаштырган. Изилдөөнүн жүрүшүндө айыл чарбасындагы инвестициялык ишмердүүлүктү каржылоо тармагы талданган жана жалпылаштырылган. Илимий адабияттардын, фактылык материалдардын жана статистикалык маалыматтардын негизинде айыл чарбасындагы инвестициялык

ишмердүүлүктү активдештирүү сунуштары берилген. Сурамжылоонун жыйынтыктарына ылайык, мал чарбачылыгынын негизги көйгөйлөрү аныкталып, тиешелүү сунуштар берилген, Нарын областынын инвестициялык потенциалын аныктоо максатында инвестициялык матрица иштелип чыккан. Изденүүчү жумушчу топтун курамында Нарын областын туруктуу өнүктүрүүнүн 2012-2017 жылдарга каралган программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгууга катышкан.

**Иштин негизги жоболорунун апробациясы.** Изилдөөнүн негизги жоболору менен натыйжалары боюнча эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган. Исраиловдук окуулар-V "Евразиялык экономикалык биримдик: эсепке алуу, талдап иликтөө жана аудит системаларын дал келтирүүдөгү көйгөйлөрү" Чолпон-Ата, 2015-ж, "Жайыттарды туруктууу башкаруу" Нарын: С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети, 2015-ж; Исраиловдук окуулар-VI "Эсеп менен аудиттин эл аралык стандарттары жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн экономикаларынын интеграциясы: тажрыйба жана келечектери"-Чолпон –Ата 2016-ж. ж.б."

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы**. Диссертациянын темасы боюнча 12 илимий макала жарыяланган, анын ичинен 3 илимий макала чет өлкөлүк басылмаларда жарык көргөн.

**Иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, тыянактардан, пайдаланылган адабияттардын библиографиялык тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иш 169 беттен турат; анын ичинде 20 аналитикалык таблицалар, 9 - сүрөттөрдү камтыйт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, көйгөйдүн иликтенгендик жана иштелген даражасы негизделген; максаты, милдеттери аныкталган; коргоого коюлуучу илимий жоболор түзүлгөн жана диссертациянын натыйжаларынын апробациясы чагылдырылган.

**«Агрардык тармактагы инвестициялык ишмердүүлүктүн теориялык негиздери»** деген биринчи бапта:

Инвестициялардын теориялык жана практикалык мааниси чагылдырылган. Эң кеңири маанисинде инвестициялар өлкөнүн экономикасынын өсүүсүн жана өнүгүүсүн каржылоо үчүн зарыл механизмди камсыздашат.

Инвестициялар - биздин көз карашыбызда, келечекте, тобокелдикдердин бардык түрлөрүн эске алуу менен экономикалык жана социалдык майнап алуу үчүн акчалай, материалдык каражаттарды салуу керек.

Инвестициялар теориясынын тарыхый өнүгүүсүнүн натыйжасында, төмөнкү тыянактарды жасоого болот:

1) инвестордун оптималдуу портфелди тандоосу майнаптуу портфелдердин топтомунан (майнаптуу көптүктөн) жүзөгө ашырылат. Майнаптуу портфелдерге төмөнкү шарттарга жооп берген портфелдерди киргизүү керек:

тобокелдин берилген деңгээлинде пайданын максималдуу деңгээлине жетишүү жана күтүлүүчү кирешелүүлүктүн белгилүү бир деңгээлинде тобокелди минимизациялоо;

2) тобокелдин деңгээлин төмөндөтүүгө портфелди түрдүүлөштүрүүгө түрткү болот;

3) рыноктук модель өзү менен баалуу кагаздын кирешелүүлүгүнүн жана рыноктун индексине кирешелүүлүктүн карым-катнашын берет;

4) рыноктук моделге ылайык, баалуу кагаздын тобокели өзүнө рыноктук жана өзүмдүк тобокелдерди камтыйт;

Жогоруда айтылгандардын баардыгы өзүнүн тарыхый өнүгүү процессинде азыркы инвестициялар теориясы бир нече этаптарды басып өткөндүгү жөнүндө тыянак жасоого жол берет.

Баштапкы (базалык) этап инвестициялар теориясынын жаралышы 1920 - жылга таандык, бул учурда, И.Фишер математикалык аппаратты иштеп чыккан. 1930 - жылы портфелдин түзүмдөрүн оптимизациялоо, б.а. индивидуумдун же фирманын байлыгын түзүүчү активдерди комбинациялоо принциптерин негиздөө боюнча Д.Р. Хикс тарабынан иштелип чыккан. Экономикалык теорияга оптималдуу портфелди түптөө көйгөйлөрүн киргизүү боюнча Дж.Кейнс 1936 - жылы иш жүргүзгөн. Инвестициялардын портфелдик теориясынын түптөлүүсү – ыктымалдуулуктук жана оптимизациялык методдордун элементардуу теориялык-ыктымалдуулуктун моделдерин колдонуу, боюнча Марковиц, Тобин, У.Шарп 1952 - жылдары изилдөө жүргүзүшкөн. Оптималдуу портфель теориясынын түзүлүүсү – кокустук процесстер теориясына негизделген динамикалык теориялык-ыктымалдуулуктуктун моделдерди колдонуусу Модильяни, Миллер, Блек, Шоуле аркылуу 1964 жылдары жүргүзүлгөн. Мындан кийинки жылдары программалоонун өнүгүүсү, ошондой эле өзүнчө баалуу кагаздардын «альфа» жана «бета» көрсөткүчтөрү менен жалпы рыноктук кирешелүүлүк индексин баалоонун статистикалык техникасынын өркүндөөсү баалуу кагаздар портфелин башкаруу маселелерин чечүү үчүн программалардын биринчи топтомунун пайда болуусуна алып келди, бул иштер У. Шарп Линтнер Моссинге таандык.

Азыркы инвестициялар теориясы төмөнкү постулаттарда курулган:

1) Рынок кирешелүүлүгү күн мурун белгилүү болбогон активдердин түпкү саны менен берилген. Алар өзү менен кокустук чоңдуктарды беришет;

2) Инвестор кирешелүүлүктөрдүн күтүлүүчү (орточо) маанилерин жана алардын жупташкан вариацияларын, ошондой эле тобокелдин бөлүштүрүлүү даражасын баалай алат (мисалы, статистикалык маалыматтарга таянуу менен);

3) Инвестор ар кандай, бирок берилген моделге каршы келбеген портфелдерди түптөөгө жөндөмдүү, алардын кирешелүүлүгү да кокус чоңдуктар болуп саналат;

4) Оптималдуу портфелди тандоодо инвестор эки чен-өлчөмдү: орточо кирешелүүлүктү жана тобокелдин деңгээлин жетекчиликке алат;

5) Инвесторлор тобокелди минимизациялоого умтулушат, башкача айтканда кирешелүүлүк деңгээли бирдей портфелдердин көпчулүгүн тандоодо инвестор тобокел аз болуусун артык көрөт.

Инвестициялар теориясынын өнүгүүсүнүн заманбап деңгээли аны колдонуу чек араларын кеңейтти. Инвестициялык менеджерлердин көпчүлүгү практикада иштелип чыккан усулдарды жана портфелдик теориянын принциптерин колдонушат.

Түптөлгөн инвестициялар теориясынын академиялык чөйрөлөргө таасири кыйла артты, Тобин (1981-ж.) жана Марковиц (1990-ж.) өңдүү анын түзүүчүлөрү менен иштеп чыгуучуларына Нобелдик сыйлыктар ыйгарылган.

**И**нвестицияларды оптималдаштыруу эң маанилүү процесс. Кандайдыр бир өлкө же региондорго инвестиция тартууда оптималдык теориядан башка бир топ шарттар менен байланышкан. Мисалы: Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан баштап инвестициялык активдүүлүк бир топ күчөгөн, бирок мындай активдүүлүк көп учурда саясий чечимдерге же болбосо Кыргызстан сыяктуу өткөөл мезгилине дуушар болгон өлкөлөргө жардам катары көрсөтүлгөн фактыларды да айтсак болот. Бирок, мындай фактылар түз жана жеке инвесторлордун ишмердүүлүгүнө анча көп тиешеси жок. Тактап айтканда, чечимдерге ылайык инвестициялардын жаратылышы жана тартиби бир топ артыкчылыктары практика көрсөткөндөй айырмаланып турат. Мындан тышкары, кандайдыр бир тартипте инвестициянын приоритеттери да аныкталат.

Мисалы ушундай приоритеттердин арасында айыл чарба сектору анча жогорку орундарды ээлебейт. Мындай көрүнүштү айыл чарбадагы тобокелдиктердин бардыгы инвестициянын кайтарымдуулугунун салыштырмалуу көп убакытты талап кылгандыгы. Рыноктогу айыл чарба продукцияларынын соодасы көп өзгөрүлүп тургандыгында жана атаандаштыктын жогору денгээлинде болуп эсептелет.

**"Агрардык тармактагы инвестициялык процесстердин азыркы абалы"** деп аталган экинчи бапта бүгүнкү күндө инвестицияларсыз, инвестициялоонун максаттуу саясатысыз агрардык секторду түзүмдүк кайра куруу, өндүрүштүн техникалык деңгээлин, мал чарбачылыктын өнүмдүүлүгүн жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу милдеттерин ишке ашыруу мүмкүн эмес.

Айыл чарбадагы эң өндүрүмдүү күч болуп жумушчу күч саналат. Эгемендүүлүк мезгилинде шаар жана айыл жергесинде тургундардын катышы өзгөрүлбөй келе жатат, башкача айтканда 3/2 бөлүгү айыл жергесинде, ал эми 3\1 бөлүгү шаарда жашап келүүдө. Негизги өндүрүш күч айыл жергесинде болуу алардын көпчүлүгү айыл чарбасы менен алек.

Агрардык өндүрүштө чоң өзгөрүүлөр болдууда, алардын эң негизгилери жерге жана башка ресурстарга болгон менчиктин көп түрлөрүн орнотуу жана ири чарбалардын ордуна кичинекей дыйкан жана фермердик чарбалардын түзүлүшү болуп эсептелет.

Бул ыкмалар бир убакта рынок мамилелерине өзүнүн шарты катары

түшүндүрүлгөн. Бирок, ушул эле учурда рынок шартына өтүүнүн экинчи жагын, башкача айтканда, экономиканын натыйжалуулугун камсыз кылуу биздин Республикада тийиштүү денгээлде колго алынбады.

Буга мисал болуп, жер ресурстарын майда чарбаларга, фермелерге жана менчик ээлерине бөлүп берүүдөн башаталды да, ар бир айыл жергесинде 3-16 сотых га чейин жер үлүштөрү бөлүнүп берилди. Ушундай эле тартипте айыл чарба техникалары, мал кармоочу короолор, ар турдүү капмалар, сарайлар, айыл чарбада колдонуучу шаймандар ж.б. бөлүнүп берилди мунун ичинде бодо жана майда мал дагы бар. Эң өкүнүчтүүсү мындай бөлүнүүлөр ондогон жылдары түзүлгөн ири чарбалардын инфраструктураларын талкалоого, бүт тамыры менен жок кылууга алып келди.

Дагы бир айыл чарбадагы көйгөйлүү нерсе бул мамлекеттик органдар менен жаңы пайда болгон менчик чарбалардын байланышы үзүлө баштагандыгы болуп эсептелет. Буга мисал болуп өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын ички жана тышкы рынокторго уюшулган тартипте сатуу таптакыр колдон чыкты. Мунун ордуна “шектүү” түрдөгү ортомчулдар пайда болушу жана алардын ишмердүүлүгүнүн ачык айкындыгы жок экендиги билине баштады, тескерисинче алардын дыйкандарга болгон мамилелери, рынок шарттарын түшүндүрбөй туруп дыйкандардын продукцияларын арзан сатууга мажбурлагандары жана алардын артында бийликтин өкүлдөру жана укук коргоочу органдардын адамдары турганы кеңири жайылды. Тилекке каршы мындай көрүнүш азыркы учурда да орун алып келе жатат.

Ушул эле учурда өкмөт тарабынан рынок ифраструктурасын түзүдө дыйкандар менен фермелерди рынок мамилелерин үйрөнүүдө өкмөт менен дыйкан чарбаларынын өнөктөш мамилелерин орнотууда азыркы учурда да көп кемчиликтерди байкаса болот.

Тилекке каршы, мындай демилгелер кээде чакырык катары алдыдагы иш катары айтылып келгени менен иш жүзүндө бир дагы үлгү боло турган иш - чараларды же мисалдарды келтирүүгө мүмкүн эмес.Ал эми дыйкандардын фермерлердин экономикадагы натыйжалуулукка жетиштүү максатындагы оптималдуу чарбаларды түзүү иш пландары ондогон жылдар бою аткарылбай келе жатат. Буга мисал, болуп өлкөдө ири кооперативдерди түзүү же болбосо агрофирмаларды, бирикмелерди, жада калса дыйкан чарбалардын башка тармактагы ишкерлер менен бирдиктүү ишканаларды түзүү, кооперативдик башкаруу ымаларын киргизүү жалаң гана кагаз жүзүндө калып калууда.

Албетте, агрофирмаларды, жана кооперативдерди түзүү, уюштуруудагы алдынкы ыкмаларды колдонууну, адистердин тийиштүү денгээлдеги билимин уюштуруу жөндөмдүүлүктөрүн, ошондой эле мамлекет тарбынан колдонууну талап кылат. Бирок кооперативдердин түзүлбөй келгендиги эки нерсе менен түшундүрсөк болот.

Биринчиден, кооперативдердин мүчөлөрүнүн бири өзгөчө жетекчи болууга, уюштургандарга ишеним көрсөткөндүгү менен, экинчиден жергиликтүү бийликтердин өкүлдөрүнө жана өкмөттүк органдардын олуттуу кемчиликтеринен улам ишенбөчү жагдай түзүлгөнүнө байланыштуу. Дагы бир

көйгөйлүү нерсе бул жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, анын ичинен өзгөчө айыл өкмөтүнүн, райондук акимияттарынын рынок шартындагы дыйкандар жана фермерлер менен ошол аймактын атаандаштыкка жөндөмдүү артыкчылыктарын түзүүдөгү биргелешкен иш-чаралардын жоктугу.

Мына ушул себептен, жылдан жылга айыл жергесиндеги айдоо аянттары азайып алардын ордуна айыл чарбасына тиешеси жок имараттар, өндүрүш ишканалары, коммерциялык уюмдар ж.б. объектилерди байкоого болот. Ал эми жүздөгөн гектар жерлерди арендага алган ээлерин карасак, айыл чарбасына эч кандай тиешеси жок, бийликтегилердин укук коргоо чиновниктердин, криминалдардын же жөнөкөй акчасы бар адамдарды ачык атасак болот.

Мунун бирден бир себеби болуп, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу бийликтерди, мурдагыдай эле дыйкан чарбаларын административдик жол менен башкарып, аларга команда берип, дыйкандардын жүргүзгөн иштерин жергиликтүү өзүн өзү башкаруу уюмдарынын иши катары баалоо көнүмүш катары орун алган.

Азыркы учурда, Кыргыз Республикасы жагымдуу бизнес-климат түзүү боюнча болгон күч-аракеттерин жумшоодо. Ошол күч-аракеттин аркасында кийинки 10 жыл ичинде чет өлкөлүк түз инвестициялардын көлөмү 3,5 эседен көпкө арбыды.

Кыргызстандын ИДПгы айыл чарбасынын үлүшү, азаюуга карабай, ойго келбес жогору бойдон калды – кризистен соңку жылдары ал 54%дан 59%га чейинки чектерде турду, бул Кыргызстандын экономикасынын башка секторлорунун начар өнүккөндүгүн жана республиканын социалдык-экономикалык абалынын айыл чарбасынан чоң көз каранды экенин айтат. Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсү глобалдык тобокелдердин жана пайда болгон жаңы, потенциалдуу терс факторлордун, мисалы, негизги соода өнөктөрүнүн – Россиянын, Казакстандын жана Кытайдын экономикаларынын өнүгүүсүнүн байкаларлык начарлоосунун; алтынга дүйнөлүк баалардын жогору волатилдүүлүгүнүн (баанын 27,3%га төмөндөөсү) фонунда жүрдү. 2000-жылдардын башындагы ИДПнын 50%нан ашыкты түзүшкөн эки эң ири сектор, айыл чарбасы менен өнөр жай, өздөрүнүн салыштырмалуу өлчөмүн маанилүү кыскартышты.

Жогоруда айтылган шарттарда айыл чарбасын инвестициялоо процесстери дагы бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Адегенде бул өзгөчөлүктөрдү республиканын масштабында аныкташыбыз керек, себеби региондорду инвестициялоо Кыргыз Республикасында кабыл алынган эрежелерге жана тартиптерге жараша болот. Ушул багытта биздин оюбузча эң оболу секторлордун өнүгүү динамикасына ылайык болот. Муну ИДП нын өсүшүнүн айрым секторлордун үлүшү аркылуу билсек да болот. Өзүнчө мезгилдер боюнча реалдуу ИДП нын дүң өсүүсүнө айрым тармактардын салымын көрсөтөт. Жалпысынан бул ИДПнын түзүмдүк өзгөрүүлөрдү чагылтат, бирок түзүмдүк жылыштардын өзгөчөлүктөрү жана алар канчалык өлчөмдө майнаптуу экени жөнүндө маалыматты берет. Бардык тармактар ИДПнын өсүүсүнө өзүнүн белгилүү бир салымын кошсо дагы, ушул этаптар ичинде бир

канча байкаларлык өзгөрүүлөр жүрдү. Мурунку этаптарга негизги салым кошкон бардык тармактар талданган мезгилдердин акыркысында аны азайтышты. Айыл чарбасынын, кызмат көрсөтүүлөр секторунун салымы кыйла кыскарды, ал эми булар экономиканын эң ири тармактары өнөр жай менен соода тармактары өз салымдарын байкаларлык өсүүсүн берди, бирок анын динамикасы туруксуз жана Кумтөрдөгү кырдаалды чоң өлчөмдө чагылтат. (1. Таблица)

**1-таблица.ИДПдагы түзүмү, озүнчө жылдар, %**

| Тармактар | 2002 | 2007 | 2012 | 2017 |
|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы, балыкчылык | 16,1 | 26,9 | 16,6 | 12,5 |
| Өнөр жай | 8,4 | 9,9 | 12,0 | 15,8 |
| Курулуш | 3,0 | 3,5 | 6,5 | 8,5 |
| Соода, менен камсыздоо | 16,9 | 17,9 | 15,9 | 17,7 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 3,2 | 1,1 | 4,7 | 3,3 |
| Билим берүү | 4,1 | 4,5 | 5,9 | 5,8 |
| Өнүмдөргө салыктар | 12,2 | 13,5 | 13,1 | 13,1 |

Булак: КР Статистикалык жылдыгы [http://stat.kg/].

Айыл чарбасы, ИДПнын түзүмүндөгү өзүнүн лидерлик турумун жоготконуна карабай, эмгек ресурстарынын түзүмүндө эң чоң үлүштүк салмакты ээлөөсүн улантууда Бирок кызмат көрсөтүүлөр сектору иш жүзүндө 2002-жылдын деңгээлинде кала берди. Ошол эле маалда өнөр жай өзүнүн үлүштүк салмагын бир аз гана көбөйттү. Талданган мезгилдердин акыркысы түзүмдүк жылыштардын динамикасын кескин өзгөрттү. Ал эми акыркы 5 жыл аралыгындагы ИДП нын өсүүсүн карап көрсөк, 2012-жылы айыл чарбасынын үлүшү 16,7% болсо, анда 2017-жылы анын үлүшү 12,5%ды түзгөн. Бул айыл чарбасынын майнаптуулугунун айрым факторлордон улам төмөндөөсүн күбөлөндүрөт. Мындай факторлорго чарбалардын бытырандылыгын, каржылоонун жетишсиздигин, машина-трактор паркынын эскирүүсүн киргизүүгө болот.

Дагы бир эске салчу жагдай бул ички жана тышкы инвестициялардын экономикадагы процесстерининин ачык айкындыгынан көз карандысы. Анткени, ар кандай инвестициялык булак кайтарымдуулукту аларды максаттуу пайдаланууну жана тийиштүү экономикалык натыйжаны алып келүүнү талап кылат. Ошондуктан, инвестор ар бир сомдук капиталдык салымынын жалпы натыйжалуулугун коздөйт да инвестициялык процесстин тийиштүү эрежелери менен ачык айкын жүрүшүн каалайт.




2-сүрөт. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар
Булак: Кыргыз республикасындагы инвестициялар.
Сүрөт автор тарабынан түзүлдү

Жогоруда сүрөттө көрсөтүлгөндөй 2017 жылы ички инвестициялардын тышкы инвестицияга караганда бардык инвестицияга салыштырма үлүшү 60 % болгондугу байкалат. Бул негизинен республикалык бюджеттин эсебинен 8 399,3миң сом, жергиликтүү бюджеттен 1 536,7 миң сом, ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынан 36750,8 млн сом каралган, ал эми тышкы инвестициярадын үлүшү 40% болгонун көрсөк болот, тышкы инвестициялар негизинен чет өлкөлүк насыядан 33975,0 млн сом., тике чет өлкөлүк инвестициялардан 17573, 6 млн сом каралган.

Ал эми 2013 жылга салыштырмалуу 2017 жылында ички инвестициялардын өсүү темпи 1,6 %га, тышкы инвестициялар 1,9 %га өскөндүгүн байкасак болот.




3-сүрөт. Аймактар боюнча негизги капиталга инвестициялар (млн. сом)
Булак: Кыргыз Республикасындагы инвестициялар 2013-2017 жж.

2017-жыл үчүн негизги капиталга инвестициялар боюнча лидерлик турумду Бишкек шаары 55778,3 млн сом, Чүй областы 22346,5 млн сом, Ысык-Көл областы 23507,4 млн.сом, Жалал-Абад областы 20844,4 млн сом жана Нарын областы 6440,5 миң сом ээлешет, бул Чүй областына караганда 15906,0 млн сомго төмөн, Ысык-Көл областына караганда 17066,9 млн сомго төмөн. 3

сүрөттө аймактар боюнча инвестициялардын бөлүштүрүлүшү төмөнкүчө көрсөтүлгөн.

Демек, көрсөтүлгөн сүрөткө ылайык, аймактык кесилиште негизги капиталга инвестициялардын өсүү темптери географиялык, табияттык-климаттык, экономикалык жана башка шарттардан улам айырмаланат. Ошентесе да 2017 жылы, 2013 жылга салыштырмалуу Нарын областына 3051,3миң сом инвестициялар көбүрөөк келгендигин көрсөк болот.

Мындай өсүш бүгүнкү күндө фермерлерге жеңилдетилген насыяларды берүү (алты банк жалпы суммасы 5,3 млрд. сомго барабар насыяларды беришкен), дыйкандарга айыл чарба техникасын лизингге берүү (Европа өнүктүрүү банкынын каражаттарынын эсебинен 20 млн. АКШ доллары суммасына 243 бирдик, негизинен тракторлор, анын ичинде 9 бирдик КЭРдин гранты боюнча, 74 бирдик – кытай жана япон гранттарынын кайтарымдуу каражаттарынын эсебинен, 84 бирдик – түрк насыясы боюнча, 55 бирдик – «Айыл Банк» ААКнун Кытайдын мамлекеттик өнүктүрүү банкы менен коммерциялык долбоору боюнча, 21 бирдик – Евразия экономикалык бирлигинин насыясы боюнча), материалдык резервдердин эсебинен КММды (күйүүчү-майлоочу материалдарды), минералдык жер семирткичтерди бөлүү улантылууда; дыйкандардын өздүк каражаттарына 350дөн ашуун ар кыл маркадагы айыл чарба машиналары сатылып алынган.

Бул фактылар аркылуу Кыргызстанда бара- бара айыл чарбасындагы тышкы соода аркылуу жүргүзүү маселелеринин потенциалы калыптанып жаткандыгы байкалат.




4-сүрөт. Аймактар боюнча чет өлкөлүк инвестициялардын түшүү түзүмү (АКШ млн.долл)

Булак: Автор тарабынан түзүлгөн

Бирок, ушул эле учурда айыл чарбасына инвестиция тартуу маселелери чечилген деген корутундудан алыспыз. Себеби, инвестициялык процесстердин өзүнө ылайык жолдор жана шарттар бар, алар айыл чарбадагы өндүрүмдүүлүк потенциалга байланышы бар экендигине карабастан инвестициялык процесстердин айрым орчундуу өзгөчөлүктөрүн айтып кетүү керек. Мындай өзгөчөлүктөргө инвестициянын аймактарга түз келүүсүнүн тенденциясын айтсак болот. (4-сүрөт).

Жалпы көлөмдө ТЧӨИдын эң чоң үлүштүк салмагы Бишкек шаарына – 2013-2017-жылдар ичинде орточо үлүш 78,4%га жетти, Ысык-Көл областына – 23,7%, Чүй областына – орточо 55,0% туура келет. Баткен жана Нарын областтарында жана Ош шаарында абдан аз үлүштөр байкалат. ТЧӨИдын түзүмүндө негизги бөлүгү өлкөнүн түндүк бөлүгүнө багытталып, негизинен Бишкек шаарында жана Чүй областында топтолот.

Түз чет өлкөлүк инвестициялар жаңы жогорку технологиялуу өндүрүштөрдү түзүүгө, негизги фонддорду модернизациялоого, кошумча жумуш орундарын түзүүгө, квалификациялуу кадрлардын колдо бар дараметин активдүү колдонууга, менеджмент, маркетинг жана ноу-хау аймагындагы алдыңкы жетишкендиктерди киргизүүгө, ички базарды жогору сапаттуу товарларга каныктырууга, өндүрүмдүн экспортун жогорулатууга түрткү болорун белгилөө керек. Түз чет өлкөлүк инвестициялар чет өлкөлүк капитал үчүн жетишерлик өзүнө тартууну камсыздоого жөндөмдүү инвестициялык саясат жүргүзүүнү, салык тутумун өркүндөтүүнү, тармактык спецификага ыңгайлашууну, кошумча жеңилдиктер менен преференцияларды киргизүүнү камсыз кылышат.

Жогоруда айтылгандан улам бардык аймактар үчүн алардын ичинен өзгөчо Нарын областына айыл чарба багытындагы инвестициялардын жок экендиги байкалат. Мындай көрүнүш эң негизгиси себептеринен болуп айыл чарбага жумшалган инвестициялардын көп тобокелчиликке учураары эсептелет. Мындай тобокелчилик өзгөчө Нарын областына таандык, себеби бул жерде жаратылыш-климаттык шарты оор, кыш мезгили 6-7 айга созулат.

Экинчи себеп, тоолуу Нарын областында айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө көмөктөш болгон инфраструктура объектилерин салуу бир топ кыйын маселелер экендиги белгилүү. Өзгөчө жол салуу, жайыттарга анын ичинен алыскы, жайыттарга баруучу жолдордун жоктугу, айыл чарба продукцияларын сактап туруучу логистикалык борборлордун өнүккөндүгү жана ошондой эле кайра иштетүүчү ишканалардын алыс жайгашкандыгы болуп эсептелет. Бирок ошондой болсо дагы Нарын областында инвестиция тартуучу потенциалын жок экендигин билдирбейт.

Тескерисинче, Нарын областы боюнча бул багыттагы резервдердин изилденбегендигин билдирет. Ошондуктан, инвестиция тартуунун булактарын факторддук талдоо кызыгуу жаратат.

Айыл чарбасындагы инвестициялык натыйжалуулукту аныктоодогу бирден бир көрсөткүчү болуп агрардык продукцияларды өндүрүүчү шарттарды атасак болот. Бул багытта төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот. Нарын областында мал чарбачылыгы өзүнүн тарыхый түзүлгөн багытталгандыгын (кой өстүрүү, бодо мал өстүрүү жана жылкы өстүрүү) сактап келет жана айыл чарбасынын 2/3 бөлүгүнөн көбүн ээлейт. Жагымдуу табияттык-климааттык шарттар, ошондой эле көп сандаган жайыттар регионго уяң жүндү жана кой этин өндүрүүгө адистешүүгө жол берди. Айыл чарба ээликтеринин түзүмүндө жайыттар 95,2%ды же 2624 миң.га ээлешет. 2017-жылдын 1-январына карата ИММ (ири мүйүздүү мал) саны 140,4 миң башты, кой-эчкиники – 153575

башты, жылкыныкы – 108889 башты түздү. Малдын башынын динамикасын талдоо кийинки жылдарда саны өсүп жатканын көрсөтөт: 2016-жылы ИММдын, кой-эчкинин жана жылкынын саны 2012-жылга салыштырмалуу 12,6%га өстү. Облустун аймагында республикадагы койдун башынын 17,3%ы өстүрүлөт.

Областтын үлүшүнө республиканын жайыттарынын төрттөн үч бөлүгү туура келет. Айыл чарба ээликтеринин жалпы аянты 2770,6 миң га түзөт, анын ичинен 120,9 миң га – айдоо, 0,141 миңга – көп жылдык өсүмдүктөр, 11,8 миң га – чөп чабындыларжана 2624,8 миң га – жайыттар. Аянты 747,4 миң га түзгөн бийик тоолуу жайыттар, топоз багуу үчүн абдан майнаптуу. Жайыттардын тоюттук сыйымдуулугу баалуу жана ар түрдүү өндүрүм: эт, сүт, жүн, сөөк унун, ошондой эле медициналык максаттар үчүн баалуу ички секреция органдарын берүүчү ушул камкордук талап кылбаган жаныбарлардын 23,0 миңге чукул башын кармайт. 2017-жылдын 1-январына карата топоздун саны 7,7 миң башты, же республикадагы башынын 46,0%ын түздү: тянь-шань породасы, кылчык жүндүү, жарым уян жүндүү; алай жана эдилбай породалары катталган.

Бирок, биздин байкообузга караганда өстүрүлгөн малдын дээрлик көпчүлүгү кайра иштетүү ишканаларына жиберилбестен түздөн түз рынок аркылуу сатылууда. Бул мал чарбасынан түшкөн кошумча нарктын көлөмү азайып экономикалык потенциалды төмөндөткөнүнө барабар болот.

Айыл чарба продукцияларын өстүрүүдөгү дагы бир олуттуу тоскоолдук болуп региондо кайра иштетүү өнөр жайынын начар абалы болуп саналат. Нарын областында төмөнкү көлөмдөгү тамак -аш өнөр жай тармагында өндүрүлөт.

3-таблица - Тамак аш өнөр жайынын область боюнча көрсөткүчтөрү (жыл башына карата мин.сом)

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| Нарын областы | 92424,0 | 102070,6 | 102095,9 | 111779,3 | 119130,9 |
| Райондор: | | | | | |
| Ак-Талаа | 10033,1 | 9924,5 | 10001,4 | 10037,2 | 9291,4 |
| Ат-Башы | 15432,4 | 17635,8 | 19751,4 | 23176,8 | 27635,3 |
| Жумгал | 14849,2 | 16391,4 | 17586,4 | 19513,3 | 22775,3 |
| Кочкор | 13697,3 | 13518 ,3 | 12196,9 | 11775,7 | 7817,5 |
| Нарын | 8494,4 | 9239,9 | 12710,8 | 14909,7 | 15718,8 |
| Нарын шаары | 23035,8 | 28058,9 | 29849,0 | 32366,6 | 35892,0 |

Булак: Кыргыз Республикасынын өнөр жайы

Таблица көрсөткөндөй 2017 жылдын башында облус боюнча 119,1 млн. ашыгыраак сомдук тамак аш өндүрүлүп чыгарылган. Бул Республиканын 4,5 % дык үлүшүн түзөт. Мына ушуга байланыштуу кайра иштетүү өнөр жайынын айрым көйгөйлөрүнө токтосок болот.

- кайра иштетүү өнөр жайынын адистешүүсү айыл чарбасынын адистешүүсүнө шайкеш келбейт. Эки өнүмдүк турум факт жүзүндө өндүрүм өндүрүүнүн 95%ын камсыздайт. Кайра иштетүү өнөр жайынын стратегиялык баалуулукка ээ өнүмдөрүнүн үлүшү абдан аз;
- айыл чарба чийки затын кайра иштетүү боюнча ишканалардын санынын аздыгы;
- кайра иштетүү өнөр жайында заманбап технологиялардын жоктугу.

Ушинткен менен агрардык өндүрүштө чоң өзгөрүүлөр болду алардын эн негизгилери болуп жерге жана башка ресурстарга болгон менчиктин көп түрлорүн орнотуу жана ири чарбалардын оордуна кичинекей дыйкан жана фермердик чарбалардын түзүлүшү болуп эсептелет.

Мындай ыкмалар рынок мамилелерине өзүнүн шарты катары бир убакта түшүндүрүлгөн. Бирок, ушул эле учурда рынок шартына өтүүнүн экинчи жагын, башкача айтканда экономиканын натыжалулуулугун камсыз кылуу биздин Республикада тийиштүү денгээлде колго алынбады.

Айыл чарбасын өнүктүрүү максатында инвестицияны тартуу бир топ кошумча мсалелерди жаратат, алардын эң негизгиси стратегиялык багыттарды аныктоо инвестицияны пайдалануудагы тоскоолдуктарды табуу жана кетирилген кемчиликтерди жоюу ж.б. болуп саналат.

Орто жана узак мөөнөттүү келечекте айкындалган көйгөйлөрдү жоюу үчүн айыл чарбасынын жана айыл чарба чийки затын кайра иштетүү өнөр жайынын өнүгүүсү төмөнкү артыкчылыктуу багыттар менен талаптарды эске алып жүрүүгө тийиш, аларды иш жүзүнө ашыруу агро өнөр жай секторунун масштабдары менен майнаптуулугунун туруктуу өсүүсүн, анын экспорттук потенциалынын өнүгүүсүн камсыздайт:

Жогоруда айтылган ойлорого ылайык регион боюнча аналитикалык ыкмалардын жыйынтыгын да келтирүүгө болот.

Биз айыл чарбасын өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу үчүн көйгөйлөрдү айкындоо максатында SWOT методикасы боюнча стратегиялык талдоо жүргүздүк.

4-таблица. Нарын областы боюнча инвестициялык климаттын жагымдуулугун аныктоо боюнча жүргүзүлгөн SWOTанализ

| КҮЧТҮҮ ЖАКТАР | АЛСЫЗ ЖАКТАР |
|---|---|
| Пайдалуу экономикалык-географиялык абал;<br>Агрардык секторду, мал чарбачылыкты, көмүр өнөр жайын, туризмди өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттар. | Негизги фонддордун эскиргендиги;<br>Чыгарылуучу өндүрүмдүн салыштырмалуу төмөн сапаты;<br>Жеке сектордун алсыздыгы;<br>Региондук ишканалардын инвестициялык кызыктуулугун, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга алсыз багыт алуу;<br>Бышып жетилбеген атаанчыл чөйрө;<br>Менеджменттин жана ишкер этиканын төмөн денгээли;<br>Калктын жашоосунун төмөн деңгээли;<br>Төмөн ички суроо-талап;<br>Жергиликтүү бюджеттин таңсыктыгы. |

| МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР | КОРКУНУЧТАР |
|---|---|
| Чет өлкөлүк инвесторлордун Нарын областынын потенциалын колдонууга кызыкдарлыгы;<br>Даяр өндүрүмдүн экспортун өнүктүрүүгө кызыкдарлык;<br>Азык-түлүк товарларына туруктуу суроо-талап. | Башка региондор, өлкөлөр жана алардын ишканалары тараптан атаандаштык;<br>Саясий туруксуздук жана чарбалык өзгөрүүлөргө ички каршылык;<br>Экономиканын тармактарынын колдо бар атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөөсү;<br>Квалификациялуу кадрлардын агып кетүүсү;<br>Энергия алып жүрүүчүлөргө төлөм тартибинин катаалданышы. |

Булак: Автор тарабынан иштелип чыкты

Ийгиликтердин, алсыз жактардын, мүмкүнчүлүктөрдүн жана коркунучтардын түйүндүү факторлорун айкындоо үчүн регионду талдоо (SWOT-анализ)астыга коюлган милдеттерди ишке ашыруу жана алсыз жактар менен алга жылууга коркунучтарды бейтарапташтыруу, жоюу боюнча чараларды алдын ала кабыл алуу үчүн ички региондук жана тышкы дараметти аныктоого жол берет.

Жогорку таблицада көрсөтүлгөн иш чаралар бир жагынан методикалык ыкма катары каралса экинчи жагынан аналитикалык талдоону көрсөтөт. Ушуга ылайык берилген таблицанын маңызы, алсыз жана күчтүү жактарды концентрациялуу айкындоодо жана инвестициялык климатты жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү аныктоодо, ошондой эле коркунучтарды аныктоо жана аларды жумшартуу үчүн чараларды кабыл алууда жатат.

Муну биз төмөнкү тартипте келтиребиз. Бул таблица мындан аркы иш үчүн негиз болуп калуучу өзүнчө эле бир жол картасына айланат.

Областтын күчтүү жактары жагымдуу инвестициялык климаттын айласына аргументтер болуп саналат да, инвестициялык чечимдерди кабыл алууда эске алынат, алсыз жактары болсо региондун кызыктуулугун төмөндөтөт.

Белгиленген коркунучтар да толук реалдуу. Мисалы, энергия алып жүрүүчүлөр үчүн төлөм тартибинин катаалданышы областтын энергия талап кылуучу ишканаларын оор абалга коёт. Ошентип, Нарын областы инвестициялык потенциалы төмөн жана тобокели ченемдүү регион болуп саналат деген тыянак жасоого болот.

Бирок айыл чарбасынын бүгүнкү абалы каалангандан алыс экендиги фактысын моюнга алуу керек. Тармак майнапсыз жана рентабелдүүлүгү төмөн, чечүүнү талап кылган көйгөйлөрү көп бойдон калууда. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, мал чарбачылыктын өнүмдүүлүгү дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүн мындай коёлу, азыркыга чейин керек болсо союз учурундагы деңгээлге да жете элек. Техниканын физикалык дагы, моралдык дагы текши эскирүүсү болуп өттү. Эксперттердин баалоосу боюнча техниканын физикалык эскирүүсү 90%дан ашты. Бузулган жерлердин аянты жыл өткөн сайын көбөйүүдө. Рекультивацияга акча каражаттары жок. Жыл сайын 80-90 миң гектар жер колдонулбаган бойдон калууда. Акыркы маалыматтар боюнча

жыл сайын өндүрүлүүчү айыл чарба өндүрүмүнүн 10-12%ы гана кайра иштетилет, ташууда түшүмдүн 30%ына чейин жоготулат.

Кийинки жылдарда Нарын областынын агрардык тармагынын инвестициялык кызыктуулугу кыйла өстү. Буга экономикадагы оң тенденциялардын өнүгүүсү да, айыл чарбасынын өндүрүмүнө керектөөчүлүк суроо-талаптын өсүүсү да түрткү болду.

**“Айыл чарбасындагы инвестициялык ишмердүүлүктү өркүндөтүү” деп аталган 3 бапта и**нвестицияны тартууда жана аны пайдаланууда эң негизгилерден болуп тийиштүү ченемдерди аныктоо болуп саналат. Мындай багыттын эки жагын байкоого болот. Биринчиден инвестиция ресурстары эң баалуу жана алардын көлөмдөрү ченелүү болгондугуна байланыштуу. Экинчиден, ар кандай инвестициялык салымынын максаттуу түрдө болушу, анын ичинен салымдардын өз убагында кайрымдуулугу, инвесторлорого жана аларды пайдалануучуларга пайда келтирүүсү. Тактап айтканда ар кандай инвестициянын көлөмүнүн чексиз эместиги жана аларды колдонуунун катуу тартипке баш ийгендиги болуп саналат.

Инвестицияларды активдештирүүдө өзгөчө тоскоолдуктарды жогорку кеңеш аркылуу кабыл алынган мыйзамдарынын карама каршылыктары, бир багыттагы экономикалык ишмердүүлүктөгү дал келбеген учурларын да айтсак болот. Мисалы, бир убакта Нарын областы боюнча Эркин зона мыйзамы да кабыл алынган болчу. Бирок, бул мыйзам иш жүзүнө ашпай, кагазга жазылган боюнча калды деп атасак болот.

Дагы бир мисал, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу мыйзамы жер жерлерде айыл чарбасын өркүндөтүү аракеттерине түздөн-түз болбосо дагы кыйыр түрдө тоскоолдуктарды жараткан учурларды келтирүүгө болот. Тактап айтсак учурда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу уюмдары (айыл өкмөттөрү, райодук акимиаттар) жайыттарды пайдалануу саясаты боюнча фермерлердин ишкердик жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүүгө көмөкчү болгондун ордуна тескерисинче тоскоолдук жаратканын айтууга болот. Буга мисал болуп, айыл өкмөт жайыттарды, жер тилкелерди арендага берүүдөгү коррупциялык схемаларды айтсак болот. Иретте мындай көрүнүш фермердик ишкердүүлүктүн демилгесин өчүрүп ар кандай мыйзам бузууларга түрткү берет.

Ушундан улам биздин оюбузча жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамын кайра иштеп чыгып айыл өкмөттөрүнүн жана райондук акимияттардын территориядагы экономикалык жоопкерчилигин жогорулатып мындай көрүнүш мыйзамдын өзөгү болуу денгээлине жеткирүү керек. Жергиликтүү өзүн алдынча башкаруу уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн эң негизги максаты болуп жергиликтүү элдин турмушун жакшыртуу жана ушул максатта территорялык (аймактык) кирешени өстүрүү жана ошондой эле өзүн өзү каржылоо өзүмдүк жетиштүүлүккө умтулуу болуу керек.

Айыл чарбадагы инвестицияларды активдештирүүнүн эн негизги багыттарынын бири болуп дыйкан жана фермердик чарбаларынын кайра иштетүү ишканалары менен кызматташтыгын күчөтүп айыл чарба продукцияларын, кайра иштетүү үлүшүн жакынкы 10-20 жылда , 2-3 эсеге

жогорулатуу.

Жеке инвестициялар үчүн жагымдуу шарттарды түзүү координацияланган мамлекеттик саясатты талап кылат. Ал шарттардын компоненттери инвесторлорго ыңгайлуулук түзүүчү инвестицияларды маалыматтык камсыздоо, тейлөө ж.б. көп нерсе болуп саналат.

Тарыхый шартта Нарын областы дыйканчылыкка караганда мал чарбачылыгы бир топ өнүккөндүгүн айтсак болот. Мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө жаратылыш-климаттык шарттары да туура келет. Ал эми жергиликтүү калктын көпчүлүгү мал чарбачылыктын татаал ыкмаларын өздөштүрүүгө умтулушат.

Муну бир жагынан, ата бабалардын кесипчилик өнөрлөрүн улантышса экинчиден мал чарбачылыгын өздөштүрүүнүн жаңы технологияларын үйрөнүшүп өзгөчө рынок мамилелери орногодон бери мал чарбачылык жалаң гана кесипкөй өнөр эмес, негизинен киреше табуу же коммерциялык бизнеске айлангандыгына да күбө болууга болот.

Бирок, ошондой болсо да Нарын областынын райондорунан алынган сурамжылоонун негизинде көптөгөн көйгөйлөр бар экенине күбө болдук. жана Ак-Талаа, Нарын, Ат-Башы райондорурун респонденттеринен алынган сурмжылоонун негизинде төмөнкү жыйынтыкка ээ болдук. (7.сүрөт




Сүрөт. Мал чарбачылыгынын негизги көйгөйлөрү.

Мындай сурамжылоонун негизинде биздин байкашыбызча Ат-Башы районунун 149 респондеттеринин 56%, Нарын районунун 129 респонденттин 45,1%ы, жана Ак-Талаа районунун 42,7%ы кайра иштетүү ишканалардын жоктугун белгилешти, ал эми жайыт маселесин карасак Ат-Башы районунда 56,6%ы, Нарын районуда 41,3% жана Ак-Талаа районунда бул көйгөй 46,9% түздү. Малдын сапаттуулугу боюнча Ат-Башы районунда 40,23% респонденттер төмөн дешсе, Нарын району менен Ак-Талаа районунда дагы бул маселе негизги көйгөй болуп чыкты.)

Мына ушундай көйгөйлөрдөн улам инвестициялык активдүүлүктүн денгээли дагы төмөндөп, малчылардын эмгеги акталбай жаткан учуру.

Албетте, инвестициялык активдүүлүктү пайда кылуу ар кандай эле

ишкердин, чарбалардын, жеке ишкердүүлүктүн колунан келе бербейт, ошондуктан, инвестициялык каржылоону түзүүдөн мурда, ишканалардын рентабелдүүлүгүн камсыз кылуу керек.

Дүйнөлүк тажрыйбага карасак инвестициялык процессти өркүндөтүү негизинен жеке менчиктерге жана жеке ишкерлерге таандык. Биздин өлкөдө дыйканчылыкты жана мал чарбачылыкты өнүктүрүдө жеке ишкерлердин салымы жылдан жылга өсүүсүнө карабай азырынча жеке инвестициялык маданият жана тажрыйба өзгөчө айыл чарбасында калыптана элек. Мындай көрүнүш бир жактан объективдүү деп атаса да болот, себеби айыл чарба тармагы жамааттык негиздеги бизнеске калыптанган.

**Керектөөлүчү инвестициянын графиги**

| Иштин аталышы | 1 ай | 2 ай | 3 ай | 4 ай | 5 ай | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Долбоор түзүү жана пландаштыруу | 1,32 | | | | | 1,32 |
| Мал союулуучу объект түзүү | 1606,44 | 114,8 | 99 | | | 1819,62 |
| Малды сатып алуу | 8,58 | 556,38 | 555,72 | 555,72 | 556,38 | 2232,78 |
| Фермерлерди тоют менен камсыздоо | | 647,46 | 647,46 | 647,46 | 647,46 | 2232,78 |
| Малды багууга жумшалаган айлык акы | | 9,9 | 19,8 | 29,7 | 39,6 | 99 |
| Жабдууларды сатып алуу | | | 436,92 | | | 436,92 |
| Жабдууларды монтаждоо | | 13,2 | | | | |
| Жабдууларды эксплуатацияга берүү | | | | 6,6 | | 6,6 |
| Авторефирператорду сатып алуу | | | | 82,5 | | 82,5 |
| Финасылык чыгым | 16,5 | | | 109,56 | | 126,06 |
| Башка чыгым | | 16,5 | 16,5 | 16,5 | 16,5 | 66 |
| **Баары** | **1632,84** | **1344,42** | **1788,6** | **1448,04** | **1259,94** | **7473,84** |

Булак: Автордун эсептөөсү

Жогоруда айтылган маселелерди чечүү үчүн Нарын областындагы ар бир райондогу мал союлуучу жайларды заманбап долбоорлор аркылуу кайра кароо же болбосо таптакыр башка мал союлуучу жайларды түзүү маселеси курч боюнча калууда. Биздин оюбузча, мындай мал союлуучу жайлар заманбап болуу менен бирдикте алардын аткарган функциялары кеңейтилип чыныгы логистикалык борборлорго айланышы керек.

Кыргызстанда учурдагы маалыматтарга ылайык логистикалык борборлор деп өзүнчө эле сактоо, аларды сорттоо, сатууга даярдоо жана кайра иштетүү ишканалырына жөнөтүү үчүн даярдыктарды көрүү. Биздин оюбузча ушундай эле функция мал чарба продукцияларына да таандык.

Аны логистикалык борбор дейбизби, мал союучу жайлар дейбизби мааниси мындан өзгөрбөйт. Максат, тирүүлөй өстүрүлгөн ИММ жана КММ ды союп алардын продукцияларын сатуу жана кайра иштетүү ишканалырын даярдоо болуп эсептелет.

Мына ушул максатта Нарын областы боюнча азырынча (4 райондо жана Нарын шаарында), мал союлуучу заманбап борборлор түзүлүш керек. Мындай болборлор баардык техникалык санитардык транспорттук ж.б. стандарттарга жооп бериши тийиш. Мисал катары төмөндөгү параметрлер аркылуу мал союулуучу борборду келтиребиз. Бул жылда 400 ири мүйүздүү мал союлат, ошого жараша төмөндөгү инвестициялык камсыздоо керек болот.

Жогорудагы эсептөөлөр албетте божомол түрүндө берилди бирок мал союучу объект гана эмес эттерди кайра иштетүүчү ишканаларга даярдоо, соода түйүндөрүнө керектөөчүлөргө сатууга даярдоо ж.б. логистикалык жумуштарды аткарууга ылайыкталаган борбор болушу эске алынды. Ал эми бул борбордун натыйжалуулугу кайра иштетүчү ишканалардын соода түйүндөрүндөгү эт азыктардын сатылышына ж.б. операцияларга жараша болот.5-таблица.

Нарын областынын региондорундагы айыл чарбасынын инвестициялык кызыктуулугунун комплекстүү рейтингин аныктоо максатында көп баскычтуу рейтингдик талдоо методикасын колдонууга болот. Муну төмөндөгү сүрөт аркылуу билдирсек болот (7-сүрөт).

Бул методика инвесторлор үчүн областын түрдүү региондорундагы айыл чарбасынын кызыктуулугун салыштырма баалоо жүргүзүүнү – региондук рейтингди караштырат. Региондун инвестициялык кызыктуулугун баалоонун интегралдык көрсөткүчүн эсептөө, баалоо үчүн тандалып алынган ар бир көрсөткүчтүн рангалык маанисин суммалоонун жана инвестициялык чечимдерди кабыл алуудагы анын маанилүүлүгүнүн негизинде жүргүзүлөт. Андан соң түзүлгөн рангаланган катардагы региондун инвестициялык кызыктуулугу боюнча орду аныкталат.

Сүрөттө көрсөткөндөй аймактардын инвестициялык жагымдуулугу бир топ этаптар аркылуу аныкталат да ар бир этапка байланыштуу шарттардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү аныкталат.

Бул көрсөткүчтөр айыл чарба ишканасынын алкагындагы кыйла тар талдоодо колдонулат. Биздин учурда региондук рейтингди баалоо жүргүзүлгөндүктөн, алынган киреше жөнүндө маалымат облустун тигил же бул районунун каржылык потенциалы жөнүндө жалпы пикир түзүү үчүн жетиштүү болот. Нарын областынын райондорунун айыл чарба ишканаларынын алган кирешеси боюнча маалыматтарды талдоодо айрым райондордун өнүгүүсүнүн терс динамикасы айкындалды – облустун 5 районунан Ак-Талаа району чыгашалуу болуп чыкты.




7-сүрөт. Нарын областынын райондорунун инвестициялык кызыктуулугунун этаптар боюнча рейтингдик баалоонун алгоритми

Эскертүү: автор тарабынан түзүлгөн

Эгерде ушундай динамика сактала берсе, жалпы Нарын области боюнча инвестициялык рейтинг катуу төмөндөйт, ал эми инвестициялардын агып келүүсү болбосо, анда айыл чарбасы да өнүкпөйт. Мындай учурда, кырдаалды ондоо үчүн, чыгашалуу чарбаларды колдоо, ишканалардын ичиндеги кырдаалды талдоо, чыгашаларды оптимизациялоо жана пайданы максимизациялоо боюнча сунуштарды берүү зарыл.

Ошентип, ар бир чен-өлчөм боюнча облустун эң мыкты көрсөткүчтөрү бар 3 району тандалып алынды. Жогоруда каралган баалоо чен-өлчөмдөрү боюнча маалыматтарды колдонуп, ар бир көрсөткүч боюнча салыштырмалуу рейтингдик баа беребиз, бул облустун агрардык чөйрөдөгү көбүрөөк өнүккөн инвестициялык потенциалы бар райондорун айкындоого жол берет. Облустун райондорунун инвестициялык кызыктуулугу боюнча орундарын рангалоо үчүн аралыктар усулу колдонулду. Бул үчүн талдоонун объектилеринин

салыштыруучу көрсөткүчтөрдүн ар бири боюнча объект-эталонго чукулдугун аныктайбыз – ар бир көрсөткүч боюнча коэффициенттерди анын маанисинин максималдуу деңгээли бар объект-эталонго катышы катары аныктайбыз. Натыйжалар 3 таблицада берилген.

6 – таблица. Нарын областынын региондорунун инвестициялык потенциалын комплекстүү баалоо үчүн стандарттык көрсөткүчтөрдү даярдоо

| **Райондор** | **Айдоо аянты (га)** | **Жайыттардын аянты (мин.га)** | **Мал жана үй кантуулардын саны (мин.баш)** | | | | **Дыйкан (феремер)чарбалардын** | **Айыл чарба продуктусунун өндүрүү көлөмү** | **Дыйкан (феремер)чарбалардын продукциясынын сатуу** | **Айыл чарба шаймандарынын саны** | **Айыл чарбалардын иш каналардын салык** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чен-өлчөмдөр** | **№1** | **№2** | **№3** | | | | **№4** | **№5** | **№6** | **№7** | **№8** |
| | | | **Уйлар** | **Кой эчки** | **Жылкы** | **Үй канаттуулар** | | | | | |
| **Ак-Талаа р.** | 15,9 | 419 | 9453 | 120428 | 12073 | 29189 | 5353 | 3806,45 | 2837,36 | 672 | - |
| **Ат-Башы р.** | 32,7 | 797 | 18881 | 244401 | 24949 | 21948 | 9235 | 4582,15 | 2988,97 | 728 | 90,1 |
| **Жумгал р.** | 18,5 | 340,5 | 13536 | 177409 | 20341 | 45203 | 6093 | 780,3 | 113,85 | 541 | - |
| **Кочкор р.** | 30,9 | 409,8 | 17766 | 212147 | 22602 | 57290 | 9787 | 2336,73 | 1279,32 | 1040 | 361,0 |
| **Нарын р.** | 23,0 | 668,5 | 18462 | 228065 | 24141 | 30193 | 5971 | 292,5 | 176,42 | 771 | - |

Булак: Нарын облустук статистика башкармалыгынын маалыматтары боюнча автор тарабынан тузүлгөн.

Жогоруда келтирилген маалыматтардын ар бир райондун жалаң гана өндүрүш мүнөздөмөлөрүн жана потенциалдарын көрсөтпөстөн инвестициялык потенциалын мүнөздөөгө жол берет. Бирок инвестициялык багыттар жана инвестициялык булактардын көп тармактуу экендигине байланыштуу инвесторлор кайсы жака капиталдык салым кошусун өздөрү атаандаштык тартипте жана ар кандай эсеп кысаптардын негизинде жургүзүшөт. Кыскасын айтканда инвестициялык чечимин чыгаруу бир топ негиздердин базасында кабыл алынат.

Инвестициялык булактарды аныктоодо жана алардын кызыгуусун тартууда дагы бир иш чараны айтып кетүү керек.

Ал инвестициялык матрица деп аталат. Мындай матрица практикадагы инвестициялык абалдардын негизинде түзүлөт. Мындай матрица ар бир аймактын инвестициялык жагымдуулугун көрсөтүү менен бирдикте инвестициялык жол карта сыяктуу бааланат.

Биз Нарын областынын практикада жетиштүү денгээлдеги инвестициялык жагымдуулуктун чен өлчөмдүк көрсөткүчтөрүнүн жардамы менен матрица келтиребиз.

7- таблица. Нарын областынын райондорунун инвестициялык жагымдуулугун чен-өлчөмдүк изилдөөнүннегизинде комплекстүү баалоонун жыйынтыктарынын көрсөткүчтөрүнүн стандарттык матрицасы

| Чен-өлчөмдөр | Нарын областынын баалулугу боюнча баалоо коэфициенттери | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Ак-Талаа р. | Ат-Башы р. | Жумгал р. | Кочкор р. | Нарын р. | Эң жогорку баа (эталон) |
| №1 чен-өлчөм | 0,486 | 1,000 | 0,565 | 0,945 | 0,703 | 32,7 |
| №2 чен-өлчөм | 0,626 | 0,192 | 0,509 | 0,613 | 1,000 | 688,5 |
| №3 чен-өлчөм | | | | | | |
| *ИММанын ичинен:* | 0,453 | 1,000 | 0,686 | 0,903 | 0,932 | 36008 |
| *Уйлар* | 0,501 | 1,000 | 0,716 | 0,940 | 0,978 | 18881 |
| *Кой, эчки* | 0,492 | 1,000 | 0,725 | 0,868 | 0,933 | 244401 |
| *Жылкы* | 0,483 | 1,000 | 0,815 | 0,905 | 0,967 | 24949 |
| *Үй канатуулар* | 0,509 | 0,383 | 0,789 | 1,000 | 0,527 | 57290 |
| №4 чен-өлчөм | 0,546 | 0,943 | 0,622 | 1,000 | 0,610 | 9787 |
| №5 чен-өлчөм | 0,830 | 1,000 | 0,159 | 0,509 | 0,006 | 4582,15 |
| №6 чен-өлчөм | 0,949 | 1,000 | 0,038 | 0,428 | 0,059 | 2988,97 |
| №7 чен-өлчөм | 0,646 | 0,700 | 0,520 | 1,000 | 0,741 | 1040 |
| №8 чен-өлчөм | | 0,249 | | 1,000 | | 361 |
| Кэфициенттердин суммасы | 6,521 | 9,467 | 6,144 | 10,111 | 7,456 | х |
| Оорундарды берүү | 5 | 2 | 4 | 1 | 3 | х |

Булак: Нарын облустук статистика башкармалыгынын маалыматтары боюнча автор тарабынан эсептелинген

Нарын областынын райондорунун айыл чарбасын өнүктүрүүгө акча каражаттарын салуу үчүн инвестициялык кызыктуулугун, рейтингдик баалоонун негизинде эң чоң рейтингдик бааны – биринчи орунду Кочкор району алды деп айтууга болот, экинчи орунду Ат-Башы району, үчүнчү орунду Нарын району ээлешет. Берилген чен-өлчөмдөрдү талдоонун негизинде Нарын областынын тигил же бул районунда айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн ийгиликтүүлүгү жөнүндө тыянактарды жасоого болот. Бул жерде айыл чарбалык активдүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрү гана келтирилген, алар региондун инвестициялык кызыктуулугун баштапкы баалоо жүргүзүүгө жол ачышат, кыйла деталдуу талдоо үчүн инвестор каражаттарды салууну мерчемдеген жеке ишкананын каржылык жекечелиги көрсөткүчтөрү тутуму колдонулат.

Областтын бул райондорун баалоонун бардык тандалып алынган чен-өлчөмдөрү боюнча рейтингге эң жакшы көрсөткүчтөр менен кирищти да, эталондук көрсөткүчтөрдүн эң чоң үлүштүк салмагына ээ болушту.

Ошентип, азыркы учурда региондордо агрардык сектордун атаандаштыгын көтөрүүгө багытталган жаңы инвестициялык саясат иштелип чыгышы керек.

Агрардык тармактагы сунуштай турган инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу механизмдери инвестициялар үчүн башка тармактарга салыштырмалуу айыл чарбасындагы шарттарды теңдештирүүсү зарыл жана ошол эле учурда инвестициялык долбоорду ишке ашырууда айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрүнө чыгымдарды оптималдаштыруу, жогорку өнүмдүү технологияларды жана ресурстарды колодонууга түрткү берүүсү керек.

## КОРУТУНДУЛАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШ-КӨРСӨТМӨЛӨР

Жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө бир катар теориялык жалпылоолорду, тыянактарды жана практикалык сунуштарды жасоого жол берди.

1. Инвестицияларсыз өлкө экономикасынын көтөрүлүүсү, ошондой эле анын туруктуу өсүүсү камсыздалуусу мүмкүн болбогон фактор болуп саналат. Борбордошкон-пландуу экономикадан рынок экономикасына өтүүнү жүзөгө ашырып жаткан өлкөлөрдө экономикалык өсүү көйгөйү көбүрөөк курч турат, анткени бул өлкөлөрдүн экономикасы экономикалык туруксуздук жана инвестициялык төмөндөө шарттарында өнүгүп жатат.

2. Экономиканын жаңы сапаттык абалга өтүүсү жогорку инвестициялык активдүүлүк жана инвестициялык ресурстарды колдонуунун майнаптуулугу болгондо гана мүмкүн. Экономикалык реформаларды улантуу жана рынок мамилелерине өтүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруунун эң маанилүү шарты инвестициялар көлөмүн көбөйтүү болуп саналат, бул өлкөдө жагымдуу инвестициялык климат болгондо гана мүмкүн.

3. Жагымдуу инвестициялык климат өлкө экономикасына чет элдик инвестициялардын агып келүүсүнө түрткү болот, ошондой эле фирмаларга өнүгүү, ыңгайлашуу, бизнестин мыкты усулдарын киргизүү мүмкүнчүлүктөрү менен түрткүлөрүн камсыздап, патент түрүндө таризделе алчу инновацияларды гана колдонбостон, өндүрүштү уюштуруунун мыкты усулдарын да колдонуп, өндүрүмдүүлүктүн өсүүсү үчүн шарттарды түзөт. Азыркы мезгилде инвестициялык климат андан кыргыз экономикасынын келечеги көз каранды болуучу эң маанилүү факторлордун бири болуп саналат.

4. Экономиканын агрардык тармагы инвестициялык ресурстарга курч муктаждыкты баштан кечирет. Ушул тармактын ишканаларынын татаал каржылык абалы аларды тышкы инвесторлордун көз карашынан кызыксыз кылат, ал эми кийинки жылдар ичинде узак мөөнөттүү салымдар үчүн өздүк каражаттар амортизация менен гана чектелип келген. Мындай кырдаалда насыялык ресурстарга жетүү зарылдыгы пайда болот. Бул айтылгандардын баарыдыгы Нарын облусундагы инвестициялык абалды баалоонун негизинде аныкталды.

5. Кыргыз Республикасында агрардык сектордо ишкердикти өнүктүрүү ар кыл жагдайлардан улам токтоп турат. Аларга капиталдык салымдарга каражаттардын жетишсиздигин, зарыл техникалык базанын жоктугунан улам агрокультуранын жетишкендиктерин колдонуу мүмкүн эместигин, ошондой эле өндүрүштү интенсификациялоо мүмкүн эместигин кошууга болот. Айыл чарбасынын төмөн майнаптуулугу өздүк каражаттардын эсебинен кеңейтилген кайта өндүрүүнү жүзөгө ашырууга жол бербейт, бул насыяларды кеңири колдонуудан качып кутулгус кылат. Ошондуктан жумушта жалпы инвестициялык процессти жакшыртуу жолдору сунушталат. Буга мисал болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү пландап жаткан мамлекеттик лизингдик компанияны түзүү да агрардык сектордогу чакан жана орто бизнес ишканалары үчүн

мүмкүнчүлүктөрдүн, техниканы лизингдик негизде сатып алуунун арбуусуна түрткү болот.

6. Инвестиялардын жана инвестициялык процесстердин теориялык аспектилерин талдоодо «инвестициялар» түшүнүгү кыйла кеңири колдонулгандыгына карабастан, бул терминдин маңызына карата артыкчылыктары менен кемчиликтерин карап чыгып, “инвестиция” терминине автордук аныктама берилди.

7. Инвестициялык процесстерди жакшыртуунун, ишеничтүү жолдорун бири болуп инвестициялык булактарды кеңейтүү жана инвесторлорго ыңгайлуу шарттарды түзүү менен дыйкан жана феремерлер менен кайра иштетүүчү ишканалардын байланыштарын кеңейтүү зарылчылыгы аныкталган. Айыл чарбасынын төмөн майнаптуулугу өздүк каражаттардын эсебинен кеңейтилген кайта өндүрүүнү жүзөгө ашырууга жол бербейт, бул насыяларды кеңири колдонуудан качып кутулгус кылат. Ошондуктан жумушта жалпы инвестициялык процессти жакшыртуу жолдору сунушталат

8. Региондогу айыл чарбаны инвестициялоо булактарын кеңейтүү максатында инвестициялык бизнес, башкача айтканда инвестициялы фонддорду түзүү, жогорку окуу жайларда ишкердик ыкмаларды колдонуу мыйзамын чыгаруу, чет өлкөдөгүдөй, Кыргызстанда (убактылуу бош акчаларды) пайдалануу тажрыйбасы жоктугу белгилүү болду.

9. Өлкөнүн айыл чарбасында жүрүп жаткан кризистик көрүнүштөргө жана алардын кийинки он жылдыктарда курчуусуна байланыштуу, региондун деңгээлиндеги агрардык сектордун инвестициялык кызыктуулугу аз эмес мааниге ээ. Облустун экономикасынын агрардык сектору спецификалуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Нарын областынын мал чарбачылыгынын өркүндөтүүгө багытталган инвестициялык ыкмалар каралган.

10. Сурамжылоонун жыйынтыктары асыл тукум жана товардык чарбаларда селекциялык-асыл тукумдук иштердин деңгээлин көтөрүү жана мал кармоочу жайларын көбөйтүү, жайыттарды жакшыртуу жана сапаттуу жаш төлдүн түшүүсүн көбөйтүү, ветеринардык пункттарды куруу зарылчылыгын тастыктайт жана ошондой эле регионго асыл тукум мал чарбасынын кооперативдерин жана ассоциацияларын түзүү керектиги сунушталган.

11. Чийки дыйканчылык жана мал чарбачылык продукцияларды алдын ала иштетүү максатында инвестициялык ресурстарга курч муктаждыкты аныкталды. Кайра иштетүү ишканаларынын татаал финасылык абалы, аларды тышкы инвесторлордун көз карашынан кызыксыз кылат, Мындай кырдаалда кредиттик ресурстарга жетүү зарылдыгы пайда болот. Бул айтылгандардын баарыдыгы Нарын областындагы инвестициялык абалды баалоонун негизинде аныкталды.

12. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында агрардык секторду өнүктүрүүдө инвестициялык абалды баалоодо SWOT-анализ жүргүзүлдү, ошондой эле инвесторлорго каражаттарды салуу объектисин тандоодо, региондун инвестициялык потенциалын жогорулатуу максатында жана инвестициялык чечим кабыл алуу үчүн стандарттык матрица сунушталды.

13. Нарын областынын региондорундагы айыл чарбасынын инвестициялык кызыктуулугунун комплекстүү рейтингин аныктоо максатында көп баскычтуу рейтингдик талдоо методикасын колдонууга болот. Бул методика инвесторлор үчүн областтын түрдүү региондорундагы айыл чарбасынын кызыктуулугун салыштырма баалоо жүргүзүүнү – региондук рейтингди караштырат. Региондун инвестициялык кызыктуулугун баалоонун интегралдык көрсөткүчүн эсептөө, баалоо үчүн тандалып алынган ар бир көрсөткүчтүн рангалык маанисин суммалоонун жана инвестициялык чечимдерди кабыл алуудагы анын маанилүүлүгүнүн негизинде жүргүзүлөт. Андан соң түзүлгөн рангаланган катардагы

региондун инвестициялык кызыктуулугу боюнча орду аныкталат.

## ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:


1. Супатаева Г.Т. Роль инвестиции в социальном развитии региона [текст]// Известия вузов,№4, 2011,-С99-100;
2. Супатаева Г.Т. Политика государства по привлечению иностранных инвестиций: анализ и перспективы[текст]//Вестник Томского государственного университета, Экономика №4 2011, -С140-149).- РИНЦ
3. Омуралиева Д.К., Супатаева Г.Т. Инвестиционный климат Нарынского региона: основные приоритеты и направления Вестник КНУ им.Ж.Баласагына. Специальный выпуск посвященный Иссык-кульскому форуму II Исраиловские чтения. г. Чолпон-Ата 2012,-С
4. Бекбоева М.А., Супатаева Г.Т. Необходимость инвестирования туризма Нарынской области [текст]// Известия вузов, №4, 2014, С-216-219
5. Супатаева Г.Т. Проблемы привлечения инвестиций в экономику Кыргызстана[текст]//Международная научно-теоретическая и практическая конференция Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии, Исраиловские чтения – V «Евразийский экономический союз: проблемы гармонизации систем учета, анализа и аудита», 5-8 июля 2015 года, г.Чолпон-Ата, 2015, С.447-450
6. Нуралиева Н.М., Супатаева Г.Т. Привлечение инвестиций в экономику Кыргызстана [текст]// Вестник НГУ им. С. Нааматова, №4, 2015, -С96-98
7. Нуралиева Н.М., Супатаева Г.Т. Инвестиционная деятельность в Кыргызстане Вестник НГУ им. С. Нааматова, №4, 2015, -С108-112
8. Нуралиева Н.М., Супатаева Г.Т. Модель построения интегрированного производства [текст]// Вестник НГУ им. С. Нааматова, №4, 2015, -С101-104
9. Омуралиева Д.К., Супатаева Г.Т. Инвестиции как основа развития сельскохозяйственного производства Нарынской области [текст]// Успехи современной науки и образования № 1, 2016,С-32-35-РИНЦ
10. Нуралиева н.м., Супатаева Г.Т.Инвестиционный потенциал Нарынской области в условиях таможенного союза[текст]// Успехи современной науки и образования № 1, 2016,С-28-29-РИНЦ
11. Нуралиева Н.М., Супатаева Г.Т. Вопросы реформирования и государственного регулирования аграрного сектора Кыргызской Республики[текст]// Наука XXI века: открытия, инновации, технологии/ Сборник научных трудов по материалам Международной научно-практической конференции. Часть 3. Смоленск 2016г.
12. Омуралиева Д.К., Супатаева Г.Т., Сарбагышова А.Э., Животноводство-как приоритетная отрасль сельского хозяйства и повышения инвестиционного потенциала Нарынской области[текст]//Международная научно-теоретическая и практическая конференция Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии, “Современные проблемы интеграции и координации системы учета и аудита в старанх Центральной Азии”посвященная 75-летию известного ученого, заслуженного экономиста Кр, отличника бухгалтерского учета и аудита, доктора экономических наук, профессора Исраилова М.И.№3,2017 г. С-170-174


**Супатаева Гулзат Табылдиевнанын 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген «Нарын областындагы агрардык тармактын өнүгүүсүндөгү инвестициялардын ролу» деген темадагы диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү создөр:** айыл чарбасындагы инвестициялар, инвестициялык жагумдуулук, инвестициялык потенциал, инвестициялык активдүүлүк, жеңилдетилген кредит,, айыл чарба кооперациясы.

**Изилдөөнүн объектиси:** Агрардык тармактагы инвестициялык ишмердүүлүк

**Изилдөөнүн предмети:** Региондун айыл чарба тармагыннын инвестициялык потенциалын жогорулатуу жолдору.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты**: Нарын областынын агрардык тармагын ивестициялоо боюнча жана айыл чарба таргмагында инвестициялык дареметти жогорулатуу боюнча, айыл чарбасындагы инвестициялык ишмердүүлүктү баалоо, анын инвестициялык потенциалын жогорулатуу жана активдештирүү үчүн шарттарды түзүү боюнча илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** статистикалык, тутумдук усулдар, эксперттик баалоолор усулу, логикалык, салыштырма ж.б. усулдар.

**Алынган натыйжалар жана алардын илимий жаңылыгы** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары сунуштар катары колдонулду жана региондордо, жеке алсак, Нарын областында жергиликтүү мамлекеттик органдардын күч-аракеттерин айыл чарбасын башкаруу жаатында айкындалган көйгөйлөрдү чечүүгө багыттоого жол берет.

**Колдонулуу даражасы:** диссертациялык иштин материалдарын региондук органдардын, ошондой эле агрардык секторго инвестициялар тартуу маселелеринин үстүнөн иштеген тиешелүү министрликтердин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн колдонуусунда жатат. Изилдөөнүн материалдары «С.Нааматов атындагы Нарын мамлекетиик университетинин Экономика, бизнес жана башкаруу факультетинин “Финансы жана менеджмент” кафедрасынын окутуу процессинде колдонулат.

**Колдонулуу аймагы:** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары сунуштар катары колдонулду жана региондордо, жеке алсак, Нарын областында жергиликтүү мамлекеттик органдардын күч-аракеттерин айыл чарбасын башкаруу жаатында айкындалган көйгөйлөрдү чечүүгө багыттоого жол берет. Стратегияларды ишке ашыруу жагында финансылык – экономикалык механизмди камтыган “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тажрыйбасында өнүктүрүү стратегиясын колдонууга киргизүү” боюнча иштелип чыккан окуу-методикалык колдонмо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу курстарында колдонулат. Изилдөөнүн айрым теориялык жана тажрыйбалык жоболору С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде “Инвестициялык каржылоону уюштуруу”, “Бизнести пландоо” дисциплиналарын окутууда колдонулат.

.


## SUMMARY

**Supatayeva Gulzat Tabyldiyevna's dissertation research on a subject: "The investment role in development of the agrarian sector of the Naryn region" presented for a degree of Candidate of Economic Sciences in the specialty 08.00.05 – economy and management of the national economy.**

**Keywords:** investments in agriculture, investment attractiveness, investment potential, investment activity, preferential credit, agricultural coopetative.

**Subject of the research**: Investment activities in agriculture branch

**Object of research**: The ways of increasing of investment potential of agriculture branch of the region (on materials of the Naryn region).

**Purpose of dissertation research:** Development of scientific and practical recommendations on investigation of agriculture and increasing investment potential of agriculture and on assessment of investment activities in agriculture and on creation of conditions for it’s activation.

**Research methods:** the statistical and system analysis methods, expert evaluation method, logical and comparative analysis, etc.

**The received results and their scientific novelty.** The dissertation research results used as recommendation in complex studying of problems of increasing in efficiency of an investment in agriculture of the Naryn region, theoretical and practical bases on improvement of the mechanism of state regulation in agriculture investments are designed.

**Extent of use**: Basic results of the research were used by regional organisations and branches of ministries related with investment in agriculture sector. The materials of the research uses on education process of the "Finance and management" of the Economics, business and management faculty of Naryn State University after S. Naamatov.

**Scope of use**: The results of the dissertation research were used as a recommendation, particular, they allowed to solve actual issues on agriculture management of local state bodies of Naryn region. In inmplementation of strategies consisted financial-economical mechanisms "Use of development strategy in practis of local self management organisations" educational-methodical guide and in courses of increasing a qualification of state and municipal staffs will be used. Some theoretical and practical materials are used on teaching "Investment organisation" and "Buisness planning" subjects at Naryn State University after S. Naamatov.